## 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

**УДК 373**

***Насипбаева Р.И.*** - *улук окутуучу, ТалМУ*

### *Жаңыл Мырза өз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн, кыргыздын патриот кызы.*

Жаңыл Мырза кайсы вариантта болсо да, Лоп дарыясынын жээгинде жашаган кыргыздын нойгут уруусунан чыккан баатыр кыз.

Ал эрдиги менен калмактардын чабуулун токтотуп, өз элине бейкут жашоону камсыз кылып турган. Жаңылдын баатырдык даңкы кыргыз ичинде эле эмес, коңшулаш көп элдерге чейин тараган. Канчалаган баатырлар ага үйлөнөбүз деп өмгөктөтө келип, жеңилүү ызасын тартышкан. Кол салгандары Жаңыл Мырзанын колунан мерт болушат. Жаңыл элинин жана өзүнүн эркиндигин жогору койгон баатыр экендиги бардык варианттын мазмунун түзөт.

Касым Тыныстанов 1924-жылы Жаңыл Мырза жөнүндө поэма жараткан. Анда окуя лирикалык каармандын баяны менен башталып, мойну узун күздүн түнү уйкусу качып, чубалжыган учсуз кыялга жетеленген каарманды сүрөттөйт.

Ошол каарман алыстан муңдуу комуз күүсүнөн ыргып туруп, күү чыккан тарапты көздөй бет алып жөнөйт. Барса, базардын бир четиндеги дөңдө башын ылдый салган, ыйлаган, күңгүрөгөн абышка арман кнңснн чалып комуз чертип отурат. Белиндеги чоң киседе оттук, майлык. Дубана дейин десе, алдында белгиси жок жоолук жайган. Көптөн кийин абышка ордунан туруп кетти. Артынан биздин лирикалык каарманыбыз да ээрчип жүрүп отурат. Карыя бир дөңгө барып, мандаш уруп отурат да, биздин каарман менен жай сурап маектешет. Анан карыя Жаңыл жайын долу комуз менен коштоп баян кылат. Күү чалынганда Ысык-Көлдө толкун токтоп, ак балыктар көз салып карашкандай, асманда сүзүп жүргөн толукшуган ай, жылдыздар да күү тыңшап, санаага баткандай. Ала-Тоонун боорундагы алтын булак да чыдабай, ал да үн алышып, комуз күүсүнө кошулуп муңканып ырдап жаткансыйт.

Жылкы тийип, душман келсе таанылгыс,
Жолборс жүрөк жолун тоскон баатыр кыз.
Беттешкенди бөк түшүрүп ок менен,
Кыргыздарга сепил болгон Жаңыл кыз.

Тарыхтын бир бүктөмүндө
Өмүрүнүн өкүнбөстөн өткөнүнө
Кыргыздан Түлкү баатыр болгон экен
Чак келбеген эч нерсе өктөмүнө.
Сый менен санжыргалуу салтты унутуп,
Душманча басып кирип, жылкы тийип.
«Канчык» деп абайлабай айта коюп,
Мүрт кеткен, каргашалуу окко күйүп.

Окуянын жүрүшүндө жогорудагы ыр саптарында айтылгандай Түлкү баатыр Жаңыл Мырзага үйлөнгүсү келет, бирок кудалабай, майданда багын басып, жеңип алып

гана жубай кылмакчы. Ушул ой менен Түлкү Какшаал тоого барып, нойгуттардын жылкысына тийип, айдап кетет.

“Жоо келип, жылкынын айдап кетти” деген суук кабар ит агытып, куш салып жүргөн баатыр кызга жетти. Жаңыл жоонун артынан сая түшүп, ай караңгы түндө Түлкүлөрдүн от жагып, ташкордо бышырып, өргүп отурган жерине кез келди. Жар башынан отурган эрлерге сынай көз чаптырып, көңүлүнө Түлкү баатыр өзгөчө толду. Каргашаны карачы, аңгыча кыздын тайганы кандын жытынан улам, жардын таманына шимшилеп барбаспы. Аны көрө калган Түлкү баатыр – Канчыктын тайганы, - деп бурк этпеспи. Бул сөз эми эле тынч, бейкутта турган теребелде бүлүк салып, окуяны андан ары өнүктүрүп татаалдантырып жибергендей болду. Муну уккан жар башындагы кыз көзгө илинбеген тездик менен жаасын бетине алып, зыпылдатып жебе узатты. Көз ирмемде төртөөнүн көкүрөгүнө тең шак-шак этип жебе тепчилди. Жылкысын тийип, анысы аз келгенсип чучукка жетер кемсинткен сөз айтып, эми эле мөөрөйү үстөм болуп олтургандар өз жазасын ушинтип алышып, тындым болду.

Кыргызда акылман кеп бар: “Оозуңдан айтыла элек сөз сенин кулуң, оозуңдан чыккан соң ал сөздүн кулу сенсиң”, - деген. Демек, Түлкү оозунан чыккан суук сөздүн кулу болуп, шыр оңкосунан сайылды, жалгыз өзү эле сайылбастан, жанында жандап келген күнөөсүз пенделер да кошо сайылды.

Кыргызды кыргыз чапкан бириктирбей,
Айкөл жок журтту сактаар ириктирбей.
Жаңылып Түлкү баатыр жапаа көргөн,
Аттиң ай, Жаңыл кызды ийиктирбей.

Эгер, Түлкү баатыр Жаңыл Мырзаны жылкысына тийбей, чү деген жерде эле аны “канчык” деп кемсинтпей, анын ордуна кызга сүйлөшүп, колун сураса, же жуучу жиберип, ниетин билдирсе же бир тойдо эрдик салт боюнча баатыр кыз менен жекеме-жеке чыгып, найза сайышса же жамбы атышса, балким, окуя башка нукта өнүкмөк. Мөөрөйдөн алдырбаса да, баатыр кыз Түлкүнү сындан өткөрүп, жактырып, экөө баш кошмок беле?

Натыйжада Түлкү менен Жаңылдын эли куда-сөөк болуп, канатташ жашап, мүмкүн, нойгут уруусун душман чаап кетмек эмес. Ал эми жылкы тийип, үйлөнгүсү келген адамын “канчык” деп атагандан Түлкү эмне тапты.

Бул эле эмес, Түлкүнүн осолдугун, оройлугун баяндаган, түптөн учка кеткен учуктуу сөз карт кыргыз тарыхында өмүр боюу сакталып калды.

“Жаңыл Мырзанын” эл оозунда сакталышынын өзү жеке инсан менен көпчүлүктүн шайкештигининин артыкчылыктарын даңазалоодон жана ал шайкештигин бузулушу менен калк да, баатыр да жабыр тартарын эскертүүдөн келип чыккан. Нойгут уруусун карап көрсөк:

1.Нойгуттар кырк уруу кыргыздардын бири, демек, кыргыз элинин тутумуна кирет. Андан Акбалта сыяктуу даанышман, Чубак сыяктуу баатыр чыккан. Нойгуттар тыштан кол салган менен күн көргөн. Бала-чакасын эрдикке тарбиялаган. Жаңыл-ошондой тарбиянын натыйжасы. Ага эркекче кийинип жаа тартып, кылыч чаап, найза сайыуудан, ит агылып, куш салууга чейинки өнөрдүн баары, кыскасы баатырга кандай өнөр керек болсо, ошонун баарын үйрөткөн. Эл андан өзүнө калканч жасаган. Бул бардык эле адамдын колунан келе берчү иш эмес. Натыйжасында Жаңыл элдин үмүтүн актаган, элин сырткы жоодон сактаган, басынтып келгендердин катыгын берген, өз элинин патриот намысчыл кызы болду. Ошентип, эл бейкут, тынч жашап, түмөн-түмөн мал айдап,санаасыз кымыз ичип, бээ байлаган. Кайгысыз, убайымсыз өмүр кечирген.

Эл Жаңыл Мырзанын аркасы менен өз тарбиясынын убайын көргөн. Бирок, бул жыргалдын баары Жаңылды колго түшүп кетүүсү менен куралга айланганын, сырттан

басып келген жоо нойгуттарды чаап, малын тартып алып, өздөрүн кул, күң кылып, жер ооду кылып айдап кеткени окуянын жүрүшүнөн көрүнөт.

Жаңыл-жеке инсан, көптүн бири. Эгер ал идиш чайкап, от жагып, тамак бышыргандан, үй тиричилигинен башканы билбеген бир жан болсо, атактуу "Жаңыл Мырза" дастаны жаралат беле? Баатыр кыз колго түшүп кеткенде да басылган эмес. Дастандагы өзгөчө бир учурга көңүл бөлсөк:

1. Нойгуттар кыргыз элинин бир бөлүгү болсо да, аларга кыргыздардын өздөрү кол салып жылкы тийип кетиши.
2. Жаңылды колго түшүрүп, аны кордоп, карыган абышкага алып берген да кыргыздар.

"Жаңыл Мырза" дастаны ушундай маселени көтөргөнү менен баалуу. Жаңылдагы эң башкы сапат-өз элин коргогон баатыр кыз экендиги.

Ал эми Түлкү, Үчүкө, Шырдакбек сыяктуу эл башында турган билермандар Жаңыл сыяктуу баатыр кыз менен сыймыктанып, ага колдоо көрсөтүшсө болот беле?

Жалпы кыргыз элинин башын бириктирип, ынтымагын күчөтүү буга окшогон журт бийлер, эл башкарар билермандардын бирден-бир парзы эле го. Анын ордуна Түлкү баштаган баатырлар, жоо чапкансып, нойгуттардын жылкысын айдап кетип, Жаңылды кызсың деп кемсинтип, туткунга алып, ызалап, басынтып үйлөнгүсү келгени адамгерчиликтин үрөнүнө жатабы? Түлкү го өз жазасын алды. Ал эми Аккочкор баштаган кыргыздарчы. Амал менен Жаңылды колго түшүрүп, өмүр бою кор болуп өтсүн деп 70 жаштагы Калматайга алып бергени нысаптуулукка жатабы?

Эрдигинен калмактар жалтанган баатыр кызды душмандан мурда кыргыздардын өзү колго түшүрүп, жүрөгүн өлтүрүп, кайратын сындырып, эптеп күнүн өткөргөн бечара пенденин катарына түшүрүүгө аракет кылгандары, бул эмне эрдикке жатабы же мыкаачылыкпы?

Жок! Бул-бүлүнүү, болгондо да өз ара бытырап бүлүнүү. Бир уруунун урууга душман болушу. Күчтү бириктире албаган алсыздыгы, ынтымактын жоктугу. Ушундай уруулар ортосунда ынтымактын, биримдигин жоктугунан, өз ара душман болуунун кесепетинен улам кыргыздар өзүн өзү чапкан. Кыргыздардын өз ара жоо болушунан ким пайда тапты? Сырткы душман.

Бекеринен акылман Бакай атабыз "Бөлүнгөн соң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет" деп кан какшап, кыргыз элине осуят калтырбаса керек. Бакайдын ою боюнча, ички биримдик, ички ширелишкендигиң жок болсо, анда сан жагынан көптүгүң да, байлыгың да, баатырдыгың да кеп эмес. Ошон үчүн элибизде те байыртадан "Ынтымак түбү-ийгилик, тиричилик түбү-бирдик", "Жалгыз дарак токой болбойт", "Бирдик болбой тирдик болбойт" деген өңдүү акылман философияга сугарылган накыл кептер, асыл сөздөр жашап келбесе керек. "Жаңыл Мырза" эпосунун түндүгүн көтөрүп турган улуу идеялардын бири-бул ар-намыс, эл тагдырын, журт камын көздөгөн, өз Ата-Мекени бүгүнкүсү менен эртеңкисине акыл калчап, өз өлкөсүнүн келечегине эр-азаматтардан кем күйбөгөн улуу сүйүү, патриотизм.

Кыргыз элинин оозеки мурастарында айтылгандай, көптөгөн ар кыл жанрдагы, көлөмдөгү эпостор бар. Алардын фактурасында сөзсүз түрдө баатыр кыздардын образдары орун алган. М: "Манас" үчүлтегиндеги Каныкейдин, кыз Сайкалдын, Айчүрөктүн ж.б. образдары. Ар бири өзүнчө дастан, өзүнчө поэма, өзүнчө легенда. Тилекке каршы, "Манас" үчүлтегинен алардын эч кимисинен бөлүп караого мүмкүн эмес. Алар эпостогу башка образдын системасы менен гана жашап, ар биринен кайталангыс жекелеги жөнүндө сүрөттөлөт.

"Жаңыл Мырза" эпосунун өзгөчөлүгү, анын тагдыры чыгарманын башкы каарманы катары сюжеттик линияларды түйүндөштүргөн жана жандырмагын берген фигура катары табигый болуп чыга келгендиги.

***Адабияттар***

1. Эл адабияты" сериясы VI том. Жаңыл Мырза – Б.Шам, 1988-ж.
2. *Касым Тыныстан уулу.* Адабий чыгармалар Б, Адабият, 1991-ж.
   Жаңыл Мырза (Т.Молдонун варианты)
   Жаңыл Мырза (А.Чоробаевдин варианты) 209-372 б.
   Жаңыл Мырза (Мусулманкуловдун айтылуу боюнча) 373-447 б.
3. *Б.Исаков* "Дил баянды кантип жазууга болот" Б-Үлгүлөр -2010-ж.